**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**“Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ” ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар кеңешинде каралып,
бекитүүгө сунушталган
Протокол №_1_
“_01_” _09_ 2025-ж.

**БЕКИТЕМ**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору, т.и.д., профессор
К.Ж.Усенов ________
“___” ____________ 2025-ж.

# МАГИСТРАТУРА ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 1-сентябрындагы №1 протоколу менен өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

**Жалал-Абад - 2025**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (мындан ары — Б. Осмонов атындагы ЖАМУ) илимий-өндүрүштүк комплексинин магистратурасынын иштешинин укуктук, уюштуруучулук жана методикалык негиздерин аныктайт жана жогорку кесиптик билим берүүнүн экинчи деңгээлиндеги билим берүү программаларын ишке ашыруу тартибин жөнгө салат.

1.2. Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына (2023-жылдын 11-августундагы №179), Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтомуна (2024-жылдын 27-сентябрындагы №590), Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына (ЖКББ МББС), Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик актыларына, Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун жогорку кесиптик билим берүү стандарттарына жана ЖАМУнун Уставына ылайык иштелип чыккан.

1.3.Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун магистратурасы илимий-изилдөөчүлүк, педагогикалык, башкаруучулук жана кесиптик-практикалык ишмердүүлүккө багытталган жогорку квалификациялуу адистерди даярдоонун формасы болуп саналат.

1.4. Магистрлерди даярдоо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин колдонуудагы лицензиясына киргизилген багыттар жана профилдер боюнча жүзөгө ашырылат.

1.5. Магистрдик даярдоонун негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- Жогорку билим берүүнүн деңгээлдик моделин ишке ашыруу;
- Билим алуучуларда тереңдетилген кесиптик жана илимий компетенцияларды калыптандыруу;
- Аналитикалык, илимий-изилдөө жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүк көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- Өз алдынча чечим кабыл алууга жана заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонууга жөндөмдүү кадрларды даярдоо.

1.6. Магистратурага жалпы жетекчиликти Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору жүргүзөт. Окуу процессин уюштуруу жана координациялоо окуу иштери боюнча проректорго жүктөлөт.

1.7. Магистратура программалары боюнча окутуу «магистр» академиялык даражасын берүү жана мамлекеттик үлгүдөгү дипломду тапшыруу менен аяктайт.

1.8. Магистрдик программалар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бюджеттик жана келишимдик негизде ишке ашырылат.

1.9. Магистрлерди даярдоо күндүзгү окуу формасында (ченемдик мөөнөтү — 2 жыл) жана сырттан окуу формасында (2,5 жыл), анын ичинде аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен жүргүзүлөт.

1.10. Магистратурага «бакалавр» академиялык даражасы берилген жогорку кесиптик билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар же тиешелүү же тектеш даярдоо багыты боюнча «адис» квалификациясы берилген жогорку кесиптик билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар жактар кабыл алынат.

1.11. Б. Осмонов атындагы ЖАМУда магистрдик программаларды ишке ашыруу Болон процессинин принциптерин, Билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча Европалык стандарттарды жана сунуштарды (ESG), ошондой эле компетенттүүлүк жана студентке багытталган мамилелерди эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

**2. Магистратурага кабыл алуу тартиби**

2.1. Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун магистратурасына кабыл алуу бекитилген кабыл алуу эрежелерине ылайык кирүү сынактарынын жыйынтыгы боюнча конкурстук негизде жүргүзүлөт.
2.2. Окууга жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууну ийгиликтүү аяктаган жана мамлекеттик үлгүдөгү дипломy бар жактар киргизилет.
2.3. Бюджеттик негизге магистратура деңгээлиндеги билимди биринчи жолу алып жаткан Кыргыз Республикасынын жарандары кабыл алынат. Чет өлкөлүк жарандарды жана буга чейин «адис» деңгээлиндеги жогорку кесиптик билими бар жактарды окутуу келишимдик негизде жүргүзүлөт.
2.4. Документтердин тизмеси, аларды тапшыруу мөөнөттөрү жана кирүү сынактарын өткөрүү тартиби университеттин кабыл алуу комиссиясы тарабынан белгиленет.
2.5. Магистратурага кирүү сынактары Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору тарабынан бекитилген кабыл алуу комиссиясы тарабынан өткөрүлөт.
2.6. Магистратурага кабыл алуу жол-жоболору ачык-айкындуулук, тең мүмкүнчүлүк жана академиялык чынчылдык принциптерине незделет.
2.7. Абитуриенттер ЖАМУнун жергиликтүү ченемдик актыларында белгиленген тартипте кирүү сынактарынын жыйынтыгы боюнча апелляцияга берүүгө укуктуу.

**3. Магистратураны башкаруу**

3.1. Магистрдик программалардын ишке ашырылышына жалпы жетекчилик жана көзөмөлдү окуу иштери боюнча проректор жүргүзөт. Университеттин магистратура иштерин координациялоону ЖАМУнун Академиялык саясат департаменти жүзөгө ашырат. Анын милдети — институттардын магистранттарды даярдоо боюнча окуу жана уюштуруу-методикалык иштерин координациялоо жана көзөмөлдөө, магистрдик даярдоо программаларын ишке ашыруу шарттарын жана сапатын баалоону камсыздоо, окуу процессин уюштурууну өркүндөтүү.
3.2. Бүтүрүүчү кафедраларда магистрдик программалардын ишке ашырылышын көзөмөлдөө институттун директору жана тиешелүү кафедра башчылары тарабынан жүргүзүлөт.
3.3. Тиешелүү багыт боюнча магистрдик даярдоо программасын түздөн-түз башкарууну Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун ректорунун буйругу менен дайындалган магистрдик программанын жетекчиси жүргүзөт. Программанын жетекчиси тиешелүү профилдеги профессорлордун/доценттердин ичинен дайындалат. Магистрдик программанын жетекчиси кафедра башчысы менен биргеликте:

- Окуу планын иштеп чыгат жана актуалдаштырат;
- Профилдик дисциплиналардын мазмунун аныктайт;
- Окуу дисциплиналарынын жана практикалардын жумушчу программаларынын иштелип чыгышына көзөмөл жүргүзөт;
- Магистранттарды даярдоонун сапатын камсыз кылат;
- Магистрдик диссертациялардын темаларына эксперттик баа берет жана түзөтүүлөрдү киргизет;
- Магистрдик иштерди коргоо процессин уюштурат.

3.3. Магистратуранын негизги билим берүү программасын (НББП) ишке ашыруу тиешелүү базалык билими бар квалификациялуу профессордук-окутуучулук курам тарабынан камсыз кылынат, алардын кеминде 90% илимдин кандидаты же доктору окумуштуулук даражасына, анын ичинде PhD даражасына ээ болушу керек.
3.4. Ар бир магистрантка ректордун буйругу менен магистрдик программанын тематикасы боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн жогорку квалификациялуу адистердин ичинен илимий жетекчи дайындалат. Магистранттын илимий жетекчиси анын билим берүү жана илимий ишмердүүлүгүнө түздөн-түз жетекчилик кылат.
3.5. Магистранттын илимий жетекчиси:

- Магистрант менен биргеликте окуу сабактары башталганга чейин эки жума мурун анын жекече окуу иш планынын долбоорун иштеп чыгат;
- Анын аткарылышын көзөмөлдөйт;
- Магистранттын магистрдик диссертациясын даярдоосуна жетекчилик кылат.

3.6. Магистранттын жекече планын ишке ашыруу бөлүгүндө анын илимий жетекчиси тиешелүү магистрдик программанын жетекчисине түздөн-түз баш ийет.

3.7. Илимий жетекчи эки окуу курсун эсепке алуу менен бир убакта беш магистрантка жетекчилик кыла алат.

3.8. Магистрдик диссертациянын темасы боюнча илимий изилдөө адистиктердин тогошкон жеринде аткарылган учурда, тиешелүү кафедранын жыйынында бекитилүүчү бир же бир нече консультант тартылышы мүмкүн.

3.9. Бүтүрүүчү кафедра:

- Жаңы киргизилип жаткан билим берүү программаларынын долбоорлорун иштеп чыгат жана талкуулайт;
- Магистранттардын жекече жумушчу пландарын карайт жана кабыл алат;
- Магистрдик диссертациялардын темаларын талкуулайт жана институттун окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунуштайт;
- Ар бир окуу жылы үчүн магистранттын жекече планын аткаруусу жөнүндө отчетун угат жана бекитет;
- Магистрдик диссертацияны алдын ала талкуулоону жүргүзөт;
- Магистрдик диссертацияларды коргоону уюштурат.

3.10. Университетте магистрдик билим берүү программаларынын сапатын ички камсыздоо системасы иштейт, ал окуу пландарын үзгүлтүксүз мониторингдөөнү, магистранттар жана иш берүүчүлөр арасында сурамжылоо жүргүзүүнү, программаларды өзүн-өзү баалоону жана аларды мезгил-мезгили менен актуалдаштырууну камтыйт.

## 4. МАГИСТРАТУРАНЫН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

4.1. Магистратуранын негизги билим берүү программасы (мындан ары НББП) ЖКББ МББС жана ЖАМУнун билим берүү стандарттарынын негизинде иштелип чыгат жана төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Окуу планын;
- Дисциплиналардын жумушчу программаларын;
- Практикалардын программаларын;
- Илимий-изилдөө иштерин;
- Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны.

4.2. Магистрдик программанын дисциплиналарынын мазмуну бакалавриаттын тиешелүү программасынын дисциплиналарынын мазмунун жана аталышын кайталабоого тийиш.

4.3. Магистранттардын практикалык даярдыгы илимий-педагогикалык жана илимий-изилдөө практикаларын камтыйт.

4.4. Илимий-педагогикалык практика жогорку мектепте окутуу көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган.

4.5. Илимий-изилдөө практикасы изилдөө компетенцияларын өнүктүрүүнү жана магистрдик диссертацияны даярдоону камсыз кылат.

## 5. Окуу процессин уюштуруу

5.1. Окутуу ЖКББ МББСга ылайык иштелип чыккан окуу пландарынын негизинде жүзөгө ашырылат. Билим берүү процесси, билимди учурдагы көзөмөлдөө, аралык жана жыйынтыктоочу аттестация ЖКББ МББС, ЖАМУнун Уставы жана башка ички актыларына ылайык жүргүзүлөт.

5.2. Жогорку окуу жайдын компоненти боюнча магистрдик программалардын түзүмү жана мазмуну боюнча методикалык сунуштар Академиялык саясат департаменти тарабынан иштелип чыгат жана ЖАМУнун окуу-методикалык кеңеши тарабынан бекитилет.
5.3. Магистрдик программанын жалпы эмгек сыйымдуулугу 120 ECTS кредитин түзөт, анын 60 кредити бир окуу жылынын ичинде өздөштүрүлөт.
5.4. Окуу планы бүтүрүүчү кафедра тарабынан иштелип чыгат жана окуу иштери боюнча проректор тарабынан бекитилет.
5.5. Окуу процесси аудиториялык сабактарды, өз алдынча иштерди, практикаларды жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн камтыйт.
5.6. Магистрлердин илимий-изилдөө даярдыгы: илимий-изилдөө иштерин, илимий-изилдөө практикасын жана магистрдик диссертацияны даярдоону камтыйт.
5.7. Магистрлердин практикаларынын бардык түрлөрү илимий изилдөөлөрдүн негизги багыттарына шайкеш келиши керек.
5.8. Магистранттарга окуу-методикалык комплекстер жана илимий жетекчилердин консультациялары түрүндө методикалык колдоо көрсөтүлөт.
5.9. Кесиптик циклдеги дисциплиналар боюнча билим берүү процессине тиешелүү уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин жетекчилери жана алдыңкы кызматкерлери тартылышы мүмкүн.
5.10. Магистрдик диссертация магистрант тарабынан илимий жетекчинин жетекчилиги астында аткарылуучу жекече илимий-изилдөө иши болуп саналат.
5.11. Магистранттар академиялык мобилдүүлүккө, анын ичинде башка ЖОЖдордо окуп, өздөштүрүлгөн кредиттерди кайра эсептетүүгө укуктуу.
5.12. Билим берүү процессинде Кыргыз Республикасынын ЖКББ МББСнын (жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын) талаптарын жана университеттин ченемдик актыларын сактоо менен электрондук окутууну жана аралыктан билим берүү технологияларын колдонууга жол берилет.

**6. Магистранттардын жетишүүсүн көзөмөлдөө жана баалоо**

6.1. Билимди көзөмөлдөө модулдук-рейтингдик система боюнча жүргүзүлөт жана учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу көзөмөлдү камтыйт.
6.2. Экзамендер жана зачеттор академиялык календарда белгиленген мөөнөттө өткөрүлөт.
6.3. Окуу планын ийгиликтүү өздөштүргөн жана зарыл болгон кредиттерди топтогон магистранттар кийинки курска которулат.
6.4. Окуу планынын талаптарын аткарбаган магистранттар кайра окууга калтырылат же окуудан чыгарылат.
6.5. 60тан аз, бирок 45тен ашык кредит топтогон магистранттар ректордун уруксаты менен тапшырылбаган дисциплиналарды кайра окуу шарты менен кийинки курска которулушу мүмкүн.
6.6. Окутуунун жыйынтыктары улуттук жана ECTS баалоо шкаласын колдонуу менен бааланат.

**7. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация**

7.1. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Магистрдик диссертацияны коргоо;
- Даярдоо профили боюнча комплекстүү мамлекеттик экзамен.

7.2. Магистрдик диссертация — бул бүтүрүүчүнүн кесиптик жана илимий даярдыгынын деңгээлин чагылдырган өз алдынча илимий-изилдөө иши.
7.3. Диссертациялардын тематикасы илимдин жана практиканын муктаждыктарын эске алуу менен кафедралар тарабынан түзүлөт.
7.4. Магистрдик диссертациянын көлөмү 65–90 баракты түзөт.
7.5. Магистрди даярдоо боюнча НББПнын толук курсун аяктаган адамдар жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилет.

**8. МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯНЫ КОРГОО ТАРТИБИ**

8.1. Магистрдик диссертацияны коргоо Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын (МАК) жыйынында ачык түрдө өткөрүлөт.

8.2. Коргоого чейин магистранттын окуу учурунда жарык көргөн кеминде бир илимий макаласы болушу керек. Ошондой эле илимий жетекчинин пикири жана рецензиясы тиркелет.

8.3. «Антиплагиат» системасында текшерүүдөн өткөн жана оригиналдуулугу 60%тен төмөн эмес иштер коргоого кабыл алынат.

8.4. Жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчүлөргө тиркемеси менен бирге мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет.

8.5. Терс чечим кабыл алынган диссертация 3 айдан эрте эмес жана 5 жылдан кем эмес мөөнөттө кайра корголушу мүмкүн.

8.6. Диссертацияны коргой албаган же жетишпегендиги үчүн окуудан чыгарылган магистранттарга белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымкат берилет.

8.7. Магистрдик диссертация академиялык чынчылдык жана илимий этика принциптерин сактоо менен аткарылууга тийиш.

8.8. Университеттин чечими менен мыкты магистрдик диссертациялар илимий натыйжаларды жайылтуу максатында ЖАМУнун электрондук репозиторийине жайгаштырылышы мүмкүн.